# КАЧКЫНБАЙ АРТЫКБАЕВ ЖАНА ОРТОК АДАБИЙ МУРАСТАР.

**ТУРДУБАЕВА НАЗГҮЛ**
*ф.и.к, доцент, Ж. Баласагын атындагы КУУ*

Кыргыз адабият таануу илиминде жалпы орток адабий мурастар маселеси тууралу алгачкылардан болуп олуттуу сөз козгогон белгилүү адабиятчы, пофессор Качкынбай Артыкбаев болгон. Мындай ойдун далилдүү негизи катары автордун 1967-жылы 1-январда жарыялаган «Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак» аттуу макаласы күбө болуп берет.(1). 1967-70-жылдар аралыгында орток мурастарды Качкынбай Артыкбаев жаңыдан терең изилдөөгө киришип, ошол изилдөөлөрдүн негизинде өмүрүнүн акырына чейин өз позициясынан кайтпай, идеяларын сунуштап келген. Негизинен, жогурадагы макаланын аты айтып тургандай кыргыз адабиятынын тарыхын окутууда байыртадан баштоо менен улуу эпосубуз «Манастан» кийин Тоголок Молдонун, Токтогулдун чыгармачылыктарын үйрөтүү менен чектелбестен, андан мурунку 6-9-кылымдардагы Орхон-Энесайдагы ташка жазылган тарыхый эстеликтерибизден баштап, 11-кылымдагы Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанын жана Махмуд Кашкаринин «Түрк сөздүрүнүн жыйнагы» аттуу жазма эстеликтерин да кыргыз адабиятынын тарыхына кошумчалап киргизүү менен аларды элге, жаш муундарга окутуу, үйрөтүү керек деген маселени күн тартибине курч койгон. Мына ушундай мүнөздөгү ой жүгүртүүлөрүн профессор Качкынбай Артыкбаев басма сөз бетине сунуш кылгандан кийин, анын жалпы кыргыз адабиятынын тарыхына байланыштуу көтөргөн эң негизги маселесин эске алышпай, көбүнчө Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкариге гана байланыштуу кошула албаган пикирлерин «Кыргызстан маданияты» газетасына жарыялашып, талкуунун маанайында аракеттер жүргүзүлгөн. Бирок талкуунун жыйынтыгы аягына чыкпай калган. Ошого карабастан, адабиятчы Качкынбай Артыкбаев өзүнүн 1967-жылы айткан көз караштарында бекем туруп, 1970-жылы «Орток адабий эстеликтерибизди үйрөтүү маселесине карата» аттуу макаласын жарыялайт.(2.23-б.) Автор бул макаласында кыргыз эли байыркы элдердин бири болу менен бирге, **биринчиден,** 6-9-кылымдарда Орхон-Энесайдагы таш жазуулары сыяктуу жазуу күтүп, маданиятка ээ болуп турган учурда Чыңгызхан сыяктуу күчтүү жоолордун кысымы астында качып-бозуп, тоо-ташты таянып, ар кайсы жерлерде уруу-уруу болуп жашап, массалык түрдөгү жазууга ээ боло алышпай, бүткүл маданияты элдик оозеки чыгармачылыкта өнүгүп, өзүнүн коомдук түзүлүшүн өркүндөтүп жүрүп отургандыгы жөнүндө айтып, **экинчиден,** кыргыз эли массалык жазууга Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин эле кыргыз элинде маданият оозеки түрдө гана өнүкпөстөн, жазма түрүндө да өнүгүп келгендиги жөнүндө кабарларды унутпашыбыз керек деген пикирин айтуу менен кыргыз элинин өткөндөгү жазма адабий мурастарын эске алган кезде, эң биринчи иретте Махмуд Кашкаринин «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» менен Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастаны турууга тийиш деген корутундуну чыгарат. Бирок, тилекке каршы дегендей, профессор Качкынбай Артыкбаев тарабынан 1967-1970-жылдар аралыгында айтылган көз караштар 1980-жылдардын экинчи жарымына чейин иш жүзүнө ашпай, коомчулугубуз деле кайдыгер мамиледе кала берген. Бул тууралу Качкынбай Артыкбаев «Талант сыры» (1994) аттуу китебиндеги «Кыргыз адабиятынын тарыхындагы түзөтүүгө айрым маселелер» жана «Өз бабаларыбызды барктасак» аттуу жазган макалаларындагы ой-пикирлеринен байкасак болот.(3.6-7-б.) Автордун оюу боюнча айрым бир бийлик ээлеринин жүргүзгөн идеологиялык саясатынан улам күч алган өксүктөр 1947-1985-жылдардын аралыгына туура келет. Өзгөчө, Турдакун Усубалиевдин бийлик жүргүзүп турган учуруна басым жасайт. Бул жетекчинин: «… встречаются утверждение о том, что у киргизов еще до Октябрьской революции якобы было свое национальная письменность. Это не соответствует исторической действительности искажает факты истории, явно умаляет неоценимое значение Великого Октября, в судьбах таких народов, как киргизский,»-деген

көз карашынын кесепетинен чындыкты жаза алышпай келгендиги жөнүндө маалымат берет. Демек, жогоркудагыдай бийлик ээлеринин жүргүзгөн идеологиялык саясатынан кийин кыргыз адабият таануу илиминде орток адабий мурастарды коомчулукка тереңирээк таанытуу, окутуу маселеси 80-жылдардын экинчи жарымына чейин токтоп калат. 80-жылдардын экинчи жарымында кыргыз адабият таануу илиминде кайрадан жандануу башталат. Өзгөчө, 1985-жылы кайра куруу саясаты күч алган мезгилде профессор Качкынбай Артыкбаев 60-жылдары орток адабий мурастар жөнүндө көтөргөн маселелерин жерге таштабай кайрадан жандандырып коомчулукка сунуштайт. Тагыраак айтканда, 1987-жылы орто мектептер үчүн кыргыз адабияты боюнча түзүлгөн окуу программасынын долбоору талкууланып жатканда «Кыргызстан маданияты» гезитинин 29-декабрындагы санына жарыялаган «Жаңы программа жакшыбы?» деген макаласы жарыяланат. Автор бул макаласында кыргыз адабияты боюнча 9-класстын программасындагы «Кыргыз элинин Октябрь революциясынан мурдагы оозеки көркөм чыгармачылыгы» деген обзордук бөлүктүн саатын көбөйтүү менен ага орто кылымдагы эң баалуу адабий эстеликтерибиздин Баласагундук Жусуптун «Кутадгу билиг» поэмасы, Махмуд Кашкаринин «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» тууралу маалыматтарды берүүнү сунуш кылат. Мындай сунуш министрликте, педагогика институтунда талкууланганда, Качкынбай Артыкбаев ар тараптан негиздеп айтып, мектептердеги окуу программасына киргизүүгө жетишет. Бул сунуш эске алынып, 6-11-класстар үчүн «Кыргыз адабиятынын» окуу программасы жарыяланганда, Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкари жөнүндөгү маалыматтар 7-8-класстарга киргизилген. Тагыраак айтканда, 7-класска эки саат бөлүнүү менен мындайча берилген.

**Орто кылымдагы адабий мурастан:** Жусуп Баласагын «Дарыгерлер жөнүндө», «Акындар жөнүндө», «Дыйкандар жөнүндө», «Кол өнөрчүлөргө кандай мамиле жасоо жөнүндө» («Кут алчу билим» дастанынан үзүндү). Ойчул акындын ар кандай кесиптер, ошол кесип ээлери, алардын иш билгилиги, мартабасы, инсандык касиети туулалу дидактикалык ой жортуулдары, адеп-ахлакка тарбиялоонун бүгүнкү күндөгү мааниси.(4.21-22-б.) Ал эми 8-класска сегиз саат бөлүнүү менен мындайча берилген:

**Орто кылымдардагы адабий мурастардан:** Жусуп Баласагын «Кут алчу билим». Жусуп Баласагын жана ал жашаган мезгил. Өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө жалпы маалымат. «Кут алчу билим» дастанынын жазылуу тарыхы жана анын бизге жеткен жолу. Чыгарманын түрк маданиятындагы мааниси. «Кут алчу билимдин» идеясы, темасы. Дастанда адеп-ахлак ойдун берилиши, философиялык көз караштар. «Кут алчу билимдин» көркөмдүк касиети. Ыр түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөр. Адабият теориясынан: Дидактикалык чыгарма. Бейт. Махмуд Кашкари «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» сөздүктөгү элдик ырлар, макал-лакаптар.(2 саат). Махмуд Кашкари – түрк элинин адабий-маданий дүйнөсүндөгү көрүнүктүү инсан. Өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө жалпы маалымат. Анын эмгегинин жазылышы, жарыяланышы. «Түрк сөздөрүнүн жыйнагынын» тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык баалуулугу. Жыйнактын тексттериндеги фольклордук, адабий чыгармалар, алардын идея-темалары. «Түрк сөздөрүнүн жыйнагындагы» элдик ырлардын, макал-лакаптардын тарбиялык мааниси.(4.21-22-б.) Ал эми 1990-жылдан баштап республиканын жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттери үчүн «Байыркы мезгилден XX кылымга чейинки кыргыз адабиятынын тарыхы» деген чоң лекциялык курс түздөн-түз профессор Качкынбай Артыкбаев тарабынан киргизилип, анын типтүү окуу программасын профессор Абдыкерим Абдыразаков менен бирдикте түзүп, республикабыздагы бардык окуу жайларынын филология факультеттеринде бүгүнкү күнгө чейин окутулууда. Бул дагы профессор Качкынбай Артыкбаевдин күч аракетине байланыштуу ишке ашкан. 2003-жылы профессор А.Абдыразаков менен бирдикте «Байыркы мезгилден XX кылымга чейинки кыргыз адабиятынын тарыхы» деген окуу типтүү программа жарыяланат. Аталган окуу типтүү программа мындай тематикалардан түзүлгөн: **6-9-кылымдардагы поэтикалык эстеликтер**, **10-12-кылымдардагы адабият,** Кожо Ахмед Ясави, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкари,

Ахмет Югнаки, **13-16-кылымдардагы адабий маалыматтар,** Захираддин Мухаммед Бабур, **18-19-кылымдардагы кыргыз маданияты жөнүндө жалпы кабарлар, 19-кылымдагы «Замана» адабияты,** Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Нияз Эрназар уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу.

2003-2004-окуу жылынын жыйынтыгын чыгарууда Жусуп Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин «Кыргыз тил илими», «Кыргыз адабияты», «Кыргыз тили жана адабиятын окутуунун методикасы», «Кыргыз тили жана адабияты кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде», «Улуттар адабиятынын тарыхы жана теориясы» аттуу кафедралар жыл бою иштеген илимий иштери боюнча жыйынтыгын чыгарышкан. Аталган кафедралардын ичинен «Кыргыз адабияты» кафедрасынын жылдык көрсөткүчтөрү жемиштүү болгон эле. Муну төмөнкү иштеген иштердин жалпы жыйынтыгы менен далилдөөгө болот. Маселен, 2003-окуу жылынын башталышында профессор Качкынбай Артыкбаев 10- басма табак көлөмүндөгү «Качкынбай Артыкбаев» аттуу библиографиялык көрсөткүчү менен «А.Токомбаев (ХХ кылымдагы кыргыз жазма адабиятына негиз салуучунун чыгармачылык дүйнөсү жөнүндө)» аттуу 24 басма табак көлөмүндөгү китептери окурмандарга белгилүү болгон. Ошондой эле, 2004-жылы «ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» аттуу 61-басма табак окуу китеби дагы Качкынбай Артыкбаев тарабынан жарыяланды. Бул окуу китебинин жарыяланышы менен Качкынбай агайдын аталган окуу китебинин баалуулугу жөнүндө, ошол кездеги кафедранын аспиранты А. Сартбаевдин «Илим жылдызы» деген аталыштагы макаласы жарыяланды.(5) Ошондой эле, республикадагы бардык жогорку окуу жайларында ар тармактуу толук адистерди даярдап чыгаруу үчүн атайын типтүү окуу программалар түзүлөт. Мына ушул типтүү окуу программалардын негизинде гана лекциялык жана практикалык сабактар талапка ылайык өтүлөт. Бирок, адегенде типтүү окуу программалар жогорку окуу жайларынын окумуштуулар кеңешинде талкууланып, жактырылгандан кийин гана жарыяланууга уруксат алып, окутуучулардын колдоруна берилет. Ошондо гана ар тараптуу, системалуу, мазмундуу билим берүүгө чыныгы илимий база түзүлөт. Тилекке каршы, ушул талап баардык эле жогорку окуу жайларындагы кафедраларда талаптагыдай аткарылып жатат дегенден алысмын. Дал ушул өңүттөн алып караганда, КУУнун кыргыз адабияты кафедрасы 2003-2004-окуу жылында эң чоң иш аткарууга жетишкен. Ал кездеги Качкынбай агайдын баукы редакциялык башкаруусу менен кафедранын мүчөлөрү тогуз типтүү окуу программаларынын айрымдарын кайрадан карап, жаңы маалыматтар менен кошумчалап, ал эми «Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгы жана адабияты» аттуу типтүү окуу программасы эң алгач түзүлүп, республикадагы филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттерге, окутуучуларга жарыяланат. Ал эми калган окуу типтүү программалар «Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы», «Байыркы мезгилден ХХ кылымга чейинки кыргыз адабиятынын тарыхы», «Кыргыз акындар чыгармачылыгынын тарыхы», «Манастаануу», «ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы», «Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгы жана адабияты», «Кыргыз адабий сынын тарыхы», «Адабият таануу илимине киришүү», «Фольклордук практиканын программасы» аттуу типтүү окуу программаларын түздөн-түз профессор Качкынбай Артыкбаевдин катышуусу менен иштелип, жаңы материалдар менен толукталып жарыяланган. Ар бир программа 300 нускадан жарыялап берүүгө көмөк көрсөткөн университетибиздин ошол кездеги ректор Аскар Какеевге дагы бир ирет рахмат айтпай кетүүгө болбойт. Бүгүнкү күнгө чейин мындай окуу типтүү программаларды жаңылап жарыялоо толук иш жүзүнө аша элек. Ал эми профессор Качкынбай Артыкбаевдей кафедра башкаруучусу жана эмгектин баба дыйканы сыяктуу окумуштуу бүгүнкү күндө жокко эсе деп айтууга мезгил өзү көрсөттү.

**Адабияттар:**

1. Артыкбаев К. Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак.//Кыргызстан маданияты, 1967, 1-январь

2. Артыкбаев К. Сын сапары (Адабий-сын макалалар).-Фрунзе, 1970.
3. Артыкбаев К. Талант сыры. Адабий изилдөөлөр жана портреттер.-Б.:1994; Өз бабаларыбызды барктасак.// Кыргыз туусу,1994,4-октябрь.
4. Кыргыз адабиятынын программасы . 6-9-класстар үчүн. –Бишкек: Мектеп, 1983.
А.Сартбаев. Илим жылыдызы.// Жаңы ордо, 2004.